# Спорт залы боюнча маалымат

№ 96 орто мектебинде дене тарбия сабактарын жана ден соолукту чыңдоо иш-чараларын өткөрүү үчүн спорттук аянттар орнотулган. Дене тарбия жана спорт зонасы спорттук зал тарапта . Спорттук зал 1- кабатта жайгашкан , аянты: 286 м² , бийиктиги 7м². Спорттук-оюн аянттарынын үстүнкү катмары катуу.

Дене тарбия жана спорттук жабдуулар окуучулардын бою-жашынын өзгөчөлүктөрүнө дал келет. Спорттук залда снаряддык бөлмөлөр ; аянты м ден турган тазалоочу инвентарларды сактоо жана дезинфекциялоо жана жуучу эритмелерди жасоо үчүн жайлар; эркек балдар үчүн 33м² ден турган жана кыздар үчүн 36 м² ден турган чечинип-кийинүүчү бөлмөлөр, душ бөлмөлөрү жана дааратканалар, кол жуу үчүн раковиналар бар.

Кийинип-чечинүүчү бөлмө жана сантүйүн душ бөлмөсү 2,73 м² ден турган тамбур аркылуу байланышат.

Спорттук залда баскетбол аянтынын сызыктары жана зоналары, баскетбол шакеги, баскетбол арткы панели, волейбол тору орнотулган. Дене тарбия мугалиминин бөлмөсүндө спорттук шаймандарды салуучу темир болоттон жасалган шкаф коюлган.

Спорттук аянтта жүгүрүү жолдору белгиленген. Ошондой эле волейбол оюну үчүн тор, футбол аянчасында эки дарбаза, параллелдүү брустар, турник, орнотулган.

Спорттук шаймандар күн сайын жуучу каражаттар менен тазаланат. Залда жайгашкан спорттук шаймандар ар бир сменанын аягында нымдуу чүпөрөк менен тазаланат. Ал эми металл бөлүктөрү- кургак чүпөрөк менен тазаланат. Ар бир сабактан кийин спорттук зал 10 мүнөттөн кем эмес желдетилет. Спорттук килем күн сайын чаң сордургуч менен тазаланат. Спорттук маттар күн сайын самын-сода эритмеси менен сүртүлөт.


REDMI NOTE 8 PRO
64MP QUAD CAMERA


REDMI NOTE 8 PRO
64MP QUAD CAMERA


REDMI NOTE 8 PRO
64MP QUAD CAMERA


REDMI NOTE 8 PRO
AI QUAD CAMERA


REDMI NOTE 8 PRO
AI QUAD CAMERA


REDMI NOTE 8 PRO
AI QUAD CAMERA